КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИН ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ДЕПАРТАМЕНТ

ДЕПАРТАМЕНТ ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО КОМПЛЕКСА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК

25-январь 2024-ж. № 16 Бишкек ш.

## «Дордой Энерджи Системс» ЖЧКнын субабоненттерин электр энергиясы менен камсыздоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын бекитүү жөнүндө

«Энергетика жөнүндө», «Электр энергетикасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы № 192 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга карата электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатына жана электр энергиясына тарифтерди колдонуу боюнча нускамага, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы № 83 токтому менен бекитилген чарба жүргүзүүчү субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызматтарына) бааларды (тарифтерди) аныктоо тартиби жөнүндө жобого ылайык **буйрук кылам:**

1. 2022-жылдын 1-февралынан тартып «Дордой Энерджи Системс» ЖЧК үчүн субабоненттерин электр энергиясы менен камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы 1 кВтс үчүн 48,8 тыйын өлчөмүндө (салыктарды кошпогондо) белгиленсин.

2. 2024-жылга «Дордой Энерджи Системс» ЖЧКнын субабоненттерин электр энергиясы менен камсыздоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркынын калькуляциясы ушул буйруктун тиркемесине ылайык бекитилсин.

3. «Дордой Энерджи Системс» ЖЧКсы:

- жыл сайын Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменке субабоненттерди электр энергиясы менен камсыздоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркына бааларды колдонууга талдоо жүргүзүлөрдү берип турсун;

- акыркы керектөөчүлөрдү электр энергиясы менен камсыз кылууда Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2023-жылдын

29-декабрындагы № 237 «Акыркы керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына тарифтер жөнүндө» буйругу менен белгиленген тарифтерди колдонсун;

- өзүнүн субабоненттери менен эсептешүүдө, керектөөчүлөр менен түзүлгөн келишимдерге ылайык, электр энергиясы менен камсыздоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү өзүнчө сап менен көрсөтсүн.

4. Субабоненттерди электр энергиясы менен камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын бекитүү үчүн Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке берилген маалыматтардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчилик «Дордой Энерджи Системс» ЖЧКсынын жетекчилигине жүктөлсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин тарифти жана бааны жөнгө салуу башкармалыгы ушул буйрукту «Дордой Энерджи Системс» ЖЧКнын дарегине жөнөтсүн.

6. Маалымат катчы ушул буйрукту жалпыга маалымдоо үчүн Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жарыяласын.

7. Буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун орун басары Г. И. Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т. Э. Орозалиев**